***ПЕДАГОГИКА ИЛИМДЕРИ***
***ПЕДАГОГИЧЕСКИЕ НАУКИ***
***PEDAGOGICAL SCIENCES***

***DOI:10.26104/NNTIK.2022.78.61.020***

***Абдыраева Н.С.***

# АРХИТЕКТУРА ЖАНА ШААРКУРУУ БАГЫТЫНДАГЫ СТУДЕНТТЕРИ ҮЧҮН КЫРГЫЗ-ОРУС ТИЛДЕРИНДЕ БИЛИМ БЕРҮҮНҮ УЮШТУРУУНУН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

***Абдыраева Н.С.***

# ОСОБЕННОСТИ ОРГАНИЗАЦИИ ОБУЧЕНИЯ НА КЫРГЫЗСКО-РУССКОМ ЯЗЫКЕ ДЛЯ СТУДЕНТОВ АРХИТЕКТУРЫ И ГРАДОСТРОИТЕЛЬСТВА

***N. Abdyraeva***

# FEATURES OF THE ORGANIZATION OF TRAINING IN KYRGYZ-RUSSIAN FOR STUDENTS OF ARCHITECTURE AND URBAN PLANNING

*УДК: 811.361*

*Азыркы учурда бүткүл дүйнөдө архитектура жана шааркуруу (шаар курулушу термин катары - шааркуруу деп берилди) процесси катары долбоорлоо болгон мамиленин өзгөрүшү байкалууда. Алсак, Батыш өлкөлөрүндө киргизилип жаткан заманбап түшүнүктөр илимий маселени чечүү катары долбоорлоо процессине мамилелерди жана көз-караштарды өзгөртүүнү талап кылууда. Мындайча илимий көйгөйдү коюу - керектүү материалды чогултуу - практикада колдонула турган чечимдерди кабыл алуу менен чечилет. Архитектуралык жана шааркуруучулук долбоорлоо интуицияга же чыгармачылыкка эмес, көбүнчө математикалык эсептөөлөргө негизделет. Окутуучунун ишмердүүлүгүнүн натыйжасы жана көрсөткүчү, анын аткарган кызматтык милдеттери болуп – студентти активдүү позициясы бар, өнүккөн кесиптик билим, көндүм жана компетенттүүлүк потенциалы бар чыгармачыл адам катары калыптандыруу саналат.*

***Негизги сөздөр:*** *долбоорлоо, мазмун, курулуш материалдары, багыт, адистик, кесип, макет, тажрыйба, билим, имарат.*

*В настоящее время во всем мире происходят изменения в отношении к проектированию как процессу, соответственно к архитектуре и градостроительству. Современные концепции, внедряемые сегодня в странах Запада предполагают изменения взглядов и отношений к процессу проектирования как к решению научной проблемы. Такая научная проблема решается путем постановки проблемы - сбора необходимого материала - решения, которая может быть использовано в практической деятельности. Архитектурное и градостроительное проектирование в большей степени основывается на математических расчетах, а не на интуиции или креативном начале, которым обладает архитектур-проектировщик. Результаты и показатели работы преподавателя, задачи его деятельности – формирование студента как творческой личности с активной позицией, с развитым потенциалом профессиональных знаний, умений и компетенций.*

***Ключевые слова:*** *проектирование, содержание, строительные материалы, направление, специальность, профессия, макет, опыт, знание, здание.*

*Currently, there is a change in attitude towards design as a process, respectively, towards architecture and urban planning all over the world. Modern concepts that are being introduced today in Western countries suggest an attitude to the design process as a solution to a scientific problem. Such a scientific problem is solved by posing a problem - collecting the necessary material - a solution that can be used in practice. Architectural and urban design is based more on mathematical calculations, and not on intuition or creativity, which an architectural designer has. The result and indicator of the teacher's work, the tasks of his activity are the formation of a student as a creative person with an active position, with a developed potential of professional knowledge, skills and competencies.*

***Key words:*** *design, content, construction materials, direction, speciality, profession,layout, experience,knowledge,building.*

Кыргызстандагы архитектуралык чыгармачылыкта, бул кесипке окутууда өзүнүн өзгөчөлүктөрү бар. Архитектуранын мазмунуна, анын ичинде көз-караштарына, прициптерине чыгармачылыктын эл аралык тажрыйбасы гана эмес, ошондой эле көптөн бери келе жаткан улуттук-маданий салттарды кармануу да таасир этет.

Келечектеги архитекторлор жана шааркуруучулар кесиптик жана чеберчилик жактан өнүгүү үчүн чыгармачыл адам болуу менен бирге биринчи курстан тартып эле коомдук түзүлүштөгү өзгөрүүлөрдү, долбоордук чечимдердин экономикалык эффективдүүлүгүн элестетүү жөндөмдөрүн өздөштүрүүлөрү керек; заманбап архитектуранын жана шааркуруунун негизги маселелерине багытталган өзгөрүүлөр тууралуу кабардар болуп, ар тараптуу билимдердин жыйындысына ээ болуу, шааркуруу жана аны өнүктүрүү, турак-жай, коомдук жана өндүрүштүк имараттарды, курулмаларды долбоорлоо, ландшафттык дизайн, тиричилик үчүн зарыл шарттарды түзүү жаатында ата мекендик жана чет өлкөлүк илим менен практиканын жетишкендиктерин колдоно билүү, учурдагы курулуш индустриясында колдонулган негизги курамдык схемалар жана курулуш материалдар тууралуу толук

кандуу өздөштүрүүгө жетишүү максаты коюлган. Кыргызстандын билим берүү системасында окутуунун жыйынтыктары көзөмөлдөнүп, бүтүрүүчүлөрдүн адистиги жана алардын ишке орношуусу боюнча мониторинг жүргүзүлүүдө [1]. «Архитектура» жана «Шааркуруу» билим берүү программаларын натыйжалуу ишке ашырылып келет. Буга далил катары жыл сайын аталган адистиктерге сынак жогорку деңгээлде өтөт жана эки кафедра абитуриенттерди кабыл алууда көйгөй жаралбайт.

Билим берүү программасынын мазмуну жана окуу пландарын иштеп чыгуу жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарына ылайык иштелип чыккан. Окутуучулардын ишмердүүлүгү адистиктин жана окулмалардын (дисциплиналардын) окуу-методикалык комплекстеринин негизинде жүргүзүлөт; негизги жана базалык окулмалардын циклдерин изилдөөнү камтыган теориялык окутууну камтыйт; окутуунун кошумча түрлөрү - практиканын ар кандай түрлөрү, эксперименталдык илимий-изилдөө иштери; семестрлер аралык (модуль) жана жыйынтыктоочу аттестациялар аркылуу ишке ашырылып келет. Бакалаврларды даярдоо үчүн окуу процессин аяктоо үчүн негизги критерий 120 кредиттен кем эмес теориялык программаны өздөштүрүү каралган. Кыргыз тили жана адабияты сабагында адистерди даярдоодо архитектуралык долбоорду иштеп чыгууда жана ал долбоорлорду коргоодо студенттин натыйжалуу баарлашуусу үчүн кыргыз тилинде лексиканы жана грамматиканы туура жана так түзүүгө үйрөтүүдөн сырткары, архитектура жана шааркуруу боюнча терминдердин топтомун өздөштүрүү каралган. Ал үчүн сабак учурда сунушталып жаткан долбоорунун баяндама-сүрөттөлүшүн үч тилде: кыргыз, орус жана англис тилдеринде жазуу, окуу жана сүйлөө көндүмдөрүн жакшыртууга багытталган. Жалпылап айтканда, студенттер аудиториянын алдында сүйлөө көндүмдөргө ээ болушат, иштиктүү баарлашуу боюнча лексикасын толукташат, кесиптик терминдерди өздөштүрүшөт жана башкаруу контекстинде көп колдонулган расмий иш кагаздарын үйрөнүшөт. Кыргыз тили жана адабияты курсу эки семестрде 56 сааттан, 1 курска жалпы 112 сааттан; билим берүүнү башкаруу формасына ылайык, 6 модуль каралган, б.а. студенттер 2 семестр (кыш жана жаз) үчүн 3 модулду алышат жана жыйынтыктоочу экзамен менен аякташат. Окутуунун программасына ылайык студенттерге 22 сааттык эки академиялык семестр (ар бир семестр үчүн 11,5 сааттан) өз алдынча иштерди аткаруу үчүн берилет, ал тапшырманы аткарууда студенттер архитектуралык илимдин акыркы жетишкендиктеринин тенденцияларды, архитектуранын аймактык жана улуттук өзгөчөлүктөрдү, архитектуралык жана пландаштыруу чечимдерине заманбап талаптарга ылайык имараттарды же комплекстерди долбоорлоо; турак-жай жана коомдук имараттарды долбоорлоо жаатында жүргүзүлүп жаткан илимий-техникалык изилдөөлөрдүн жана иштеп чыгуулардын максаттары жана милдеттерин; илимий-конструктордук моделди иштеп чыгууну; конструктордук тапшырманы түзүүнүн ыкмаларын; турак-жай жана коомдук максаттар үчүн архитектуралык объектинин функционалдык, конструктивдүү-техникалык жана образдык мүнөздөмөлөрүн; долбоорлоонун адистештирилген багыттарынын көйгөйлөрүн жана ал тармактагы жаңылыктарды чагылдыруу менен аткарат. Толук кандуу талапка ылайык аткарылган студенттин өз алдынча иши кыргыз тили жана адабияты боюнча бүтүрүү экзаменин тапшыруу үчүн негиз болуп саналат. Курсту ийгиликтүү аяктагандан кийин студенттер монологдорду, диалогдорду жана топтук талкууларды угууда негизги ойду жана ошондой эле конкреттүү деталдарды тааныйт; келечектеги кесибине жана адистигине тиешелүү темалар боюнча кыргыз тилиндеги жазуу жана оозеки кепти түшүнүү; курулуш эрежелери жана ченемдери боюнча тексттерди өздөштүрөт, отчетторду жазуу, расмий каттарды жазууну, тематикалык презентацияларды даярдап, грамматикалык жактан жогорку деңгээлдеги жалпы эрежелерди сактоо менен жеке жана топтук иштерди аткарышат. Ал эми адистик боюнча сабактарда студенттердин билимин текшерүүдө окутуучу окуу материалдарын орус же кыргыз тилдеринде жооп берүүгө мүмкүнчүлүк берет. Университетибизде эки тилди айкалыштыруу ыкмасы кеңири колдонулат, б.а. студент өз түшүнүгүн кыргыз же орус тилдеринде эркин айта алат. Бирок аралаш тилде сүйлөөгө жана жазууга жол берилбейт.

Ар бир тилдин байлыгы ал тилде чындап терең жана эркин сүйлөгөндө ачылат. Студенттер салттуу түрдө долбоордун макетин жасап тапшыруу формасын жакшы көрүшөт. Макет графикага караганда көрсөтүүнүн бир топ эмгекти көп талап кылган түрү. Архитектура жана Шааркуруу кафедраларынын окутуучулары курстук иштерди макет түрүндө аткарууну сунушташат. Студенттер өз фантазияларын өз колдору менен аткарган макетте тышкы көлөмдөрдүн жана ички мейкиндиктин катышын так көрсөтө алышат. Бул учурда студенттер макетте кандай ой камтылгандыгын сөз каражаттары туура жана так, элестүү кылып, архитектуралык жана шааркуруу терминдерин колдонуу менен айтып беришет.

XXI кылымда архитектура жана шааркуруу боюнча курстук иштерди аткаруу үчүн компьютердик технологиялар жана программалык продуктылар кеңири колдонулат. Иш жүзүндө макетти ишке ашыруудан да көп убакытты талап кылган процесс болуп чыкты. Компьютердик графиканы колдонуу студенттерди ишин техникалык жактан жеңилдетет, ал кол

менен кесип, чаптап, жайгаштыруу иштерин бир кыйла тез аткарат. Мисалы, бардык архитектуралык объектти нөлдөн баштап бүтүргөнгө чейин берилген долбоорлоо маселесинин үч өлчөмдүү моделин түзүүнү үйрөнүшөт. Үч өлчөмдүү моделди ишке ашырууда студентти архитектуралык объектти ар түрдүү бурчтан көрсөтүүгө милдеттендирет жана натыйжада кол графикасынын жардамы менен гана жетишүүгө болот. Өз кезегинде окутуучу архитектуралык объекттин виртуалдык версиясын түзүүдө курстук ишке көмөктөшөт: маанилүү элементтерди бөлүп көрсөтүү, талдоо жана конструкциялоо сызыктарын кошуу, татаалыраак архитектуралык объектилерди түрдүү стилде долбоорлоо көндүмдөрүн өздөштүрүүгө багыт берет. Студент аткарган курстук ишти видео же слайд-презентация түрүндө баяндоо менен толук комплекстүү иш катары сунуштайт. Курстук иштин натыйжасында студент идеянын, ой-пикирлердин, гипотезалардын бүтүндөй комплексин чийменин тили менен айтууга үйрөнөт, натыйжада студент өз оюн, маалыматын чийме аркылуу жеткирүү көндүмдөргө ээ болот. Студент үчүн чийүү жана сүрөт тартуу кесиптик компетенцияны өздөштүрүүнүн маанилүү компоненттери болуп саналат. Чийме бардык керектүү маалыматты ачып бере тургандай түшүнүктүү болушу керек жана чиймелер оозеки түшүндүрмөлөрдү талап кылбагандай архитектуралык табият менен берилиши мааниге ээ.

Магистранттар үчүн «Архитектура» жана «Шааркуруу» багыттары боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык окуу-методикалык комплекстер да иштелип чыккан. Кафедраларга магистранттардын кесиптик компетенцияларын, келечектеги кесиптик ишмердүүлүк адистигинин илимий-изилдөө түрүн өнүктүрүү тапшырмасы берилет. Архитектура жана шааркуруу жаатындагы илимий-изилдөө иштердин «методологиясы» жана «методдору» деген түшүнүктөрдү айырмалоо үчүн изилдөөнүн методологиялык аппараты жөнүндө негизги түшүнүктөр берилет. Мындай ыкма магистранттын кесиптик жактан системалык жана теориялык илимий дүйнө таанымын калыптандырат; архитектурадагы, шааркуруудагы жана аймактык пландоодогу инновациялык жана долбоордук эсептөө иштери жаатындагы негизги компетенцияларды түзөт. Теориялык жана конструктордук-практикалык дисциплиналар лекцияларда окулат, практикалык көнүгүүлөр жана илимий, окуу, маалымдама адабияттар, укук-ченемдик базалар жана башка маалымат булактары менен өз алдынча иштөө каралган.

Көп кылымдык тарыхка ээ архитектуралык ишмердүүлүк ой жүгүртүүнүн универсалдуулугун талап кылат, анткени ал адамдын иш-аракетинин ар кандай чөйрөлөрүн бириктирген жана өзүнүн табияты боюнча кээде түп-тамырынан бери бирдей болгон нерселерди жана кубулуштарды ажырагыс бир бүтүнгө айкалыштыруу үчүн арналган практиканын түрүн билдирген [2]. Архитектуралык маселелердин заманбап татаалдыгы жана жоопкерчилиги, жогорулаган социалдык талаптар, дүйнөлүк архитектуралык практикада топтолгон зор тажрыйбаны өздөштүрүү жана жаңыртуу зарылчылыгы – мунун баары келечектеги архитекторлордун интеллектуалдык функцияларын өстүрүүдөгү жаңы этапты – алардын түшүнүктөрү, ой жүгүртүү, баарлашуу жана активдүүлүк жөндөмдөрү өнүгүүсүн талап кылат.

Окутуучунун ишинин натыйжасы жана көрсөткүчү, анын ишмердүүлүгүнүн милдеттери – студентти активдүү позициясы бар, өнүккөн кесиптик билим жана көндүмдөрдүн потенциалы бар чыгармачыл инсан катары калыптандырууга багытталган. Архитектура курчап турган мейкиндикти уюштуруу функциясын гана аткарбастан, ошол эле учурда бул системанын ичинде болгон адамга дайыма, күнүмдүк таасирин тийгизген түзүлүш. Экологиялык, демографиялык, экономикалык же мейкиндик маселелери түйүндүк коомчулуктун алдында «акылдуу чечимдерди» талап кылат. Калктын өсүшү жана тез урбанизация менен экономикалык, социалдык жана экологиялык жактан туруктуу шаарларды түзүүгө жардам берген акылдуу ыкмалар керек. Чындыгында, маалыматтык-коммуникациялык технологияларды колдонуу менен адамзат үчүн кызматтар жана инфракурамдар менен камсыз кылынса, шаарды «Акылдуу шаар»(Smart) деп атасак болот. Маалымат технологиялары шаардын эффективдүү жана туруктуу иштешин камсыздайт. Интеллектуалдык кызматтар шаарды жана анын тургундарын технологиялык, экономикалык жана социалдык жактан өзгөртөт. «Акылдуу шаар» термининин так аныктамасы акыркы убакка чейин болгон эмес. Шааркуруунун жаңы саясатын колдогон концепция 1990-жылдардын аягындагы Smart Growth кыймылынан келип чыккан. Smart Growth ыкмасына ылайык, шаарды өнүктүрүү чечимдери биздин ден соолук, билим берүү, салыктар, транспорт, айлана-чөйрө, экономикалык өсүш, теңчилик, мүмкүнчүлүк, турак-жай баасына, коңшулук коопсуздугуна таасирин тийгизет [3]. Башкача айтканда, алар биздин жеке жашообуздан баштап жамааттарыбызга жана элдерибизге чейин бардыгына таасир этет. Шаарды өнүктүрүүдөгү тоскоолдуктарды жеңүү үчүн, акылдуу өсүү стратегиялары: жагымдуу, ыңгайлуу, коопсуз жана таза шаар чөйрөсүн сактоого жана өнүктүрүүгө жардам берет. Бул стратегиялар социалдык, жарандык жана физикалык активдүүлүктү колдойт, айлана-чөйрөнү коргойт жана тургундар үчүн тандоолорду ту-

зөт. Ал тандоолордун бири имараттарды, соода борборлорунун, көчөлөрдү, эс алуу жайларын куурууда улуттук колоритти сактоо менен бирге кыргыз тилиндеги аталыштарды берүү өзгөчө мааниге ээ экендигин баарыбыз эстен чыгарбашыбыз керек. Учурда биздин өлкөдө мектептерде, орто жана атайын билим берүү мекемелеринде жана өзүнчө жогорку окуу жайларында көп тилдүү билимге негизделген жаңы мамиле жана окутуу методикасы пайда болду. Мындай методологиялык мамиленин оң жана терс негиздери бар. Жаш муундун активдүү миграция шартында англис, түрк, орус жана башка тилдерди билүүсү Европанын, Азиянын, Американын жана дүйнөнүн башка бөлүктөрүнүн билим берүү мекемелеринде билим алууга мүмкүндүк бергени оң жагынан натыйжа берип, чет элдик компанияларда адис болуп иштеп келишет [4]. Активдүү миграция шартында инженердик-курулуш адистигинин бүтүрүүчүлөрү – катардагы жумушчу кесиптен инженердик-техникалык кадрлардын деңгээлине чейин курулуш тармагында эмгектенишет. Андыктан чет тилиндеги атайын терминдерди билүү актуалдуулугун жоготпойт жана курулуш материалдарын, буюмдарын, шаймандарын, механизмдерин, технологияларын ж.б. тандоодо алардын тажрыйбасы маанилүү экендиги талашсыз.

**Адабияттар:**


1. Кыргыз Республикасындагы билим берүүнүн учурдагы абалы [Электрондук ресурс]./ Аналитикалык маалымдама. 17.05.2019. - Маалыматтык режим:http://www.stat.kg
2. Иконников А.В. Архитектура [Текст]/А.В. Иконников Улуу Совет Энциклопедиясы. 30 томдо - 3-бас. Т. 2. - М.: Советская Энциклопедия, - 1970. – 296-б.
3. Корбюзье Ле. Архитектура [Текст] / Ле Корбюзье. XX кылымдын архитектурасы / которм. From fr. В.Н. Зайцева, В.В. Фрязинов. - М.: Прогресс, 1970. - 13-б.
4. Кенешов Т.С., Сасыкеев У.Т., Абдыраева Н.С. Архитектура жана шааркуруу терминдеринин кыргыз-орус-англис тилинде түшүндүрмө сөздүгү [Текст] / Т.С. Кенешов, У.Т. Сасыкеев, Н.С. Абдыраева. - Бишкек.: Авангард - 2022. - 3-5-б.